ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. УКУК
ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ПРАВО
JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. LAW

**e-ISSN: 1694-8661**
№1(6)2025, 20-25

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948661_2025_1(6)_3

# НОТАРИАТ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ

## ИСКУССТВЕННЫЙ ИНТЕЛЛЕКТ В СФЕРЕ НОТАРИАТА

## ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN THE FIELD OF NOTARY PUBLICS

**Амирова Кайрыниса Асанбаевна**
Амирова Кайрыниса Асанбаевна
Amrova Kayrinisa Asanbaevna

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior lecture , Osh State University*
amirova.kairynisa@gmail.com

---

**Мамашарип кызы Багдагуль**
Мамашарип кызы Багдагуль
*Mamasharip kyzy Bagdagul*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior lecturer, Osh State University*

---

**Төлөгөн уулу Талант**
Төлөгөн уулу Талант
Tologon uulu Talant

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior lecturer, Osh State University*

# НОТАРИАТ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ

**Аннотация**

Маанилүүлүк. Макалада нотариат чөйрөсүндө жасалма интеллект (ЖИ) технологияларынын колдонулушу жана алардын нотариаттык кызмат көрсөтүүлөргө тийгизген таасири талданат. ЖИнин жардамы менен документтерди текшерүү, кол коюуну автоматташтыруу, идентификациялоо жана мыйзамсыз иштердин алдын алуу сыяктуу процесстерди оптималдаштыруу мүмкүнчүлүктөрү каралат. Нотариат — жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоодо маанилүү институт болуп саналат. Санариптик технологиялар, анын ичинде электрондук кол тамгалар, электрондук башкаруу жана жасалма интеллект, нотариаттык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоого өбөлгө түзөт.

**Ачкыч сөздөр:** нотариат, жасалма интеллект, санариптик технологиялар, электрондук кол тамга, документтерди автоматташтыруу, укук бузуулардын алдын алуу, мыйзам,нотариус, маалымат трансформация

**Искусственный интеллект в сфере нотариата**

**Аннотация**
Актуальность. В статье рассматривается применение технологий искусственного интеллекта (ИИ) в нотариальной сфере и их влияние на эффективность нотариальных услуг. Особое внимание уделяется возможностям искусственного интеллекта в автоматической проверке документов, упрощении процессов подписания, идентификации личности и предотвращении противоправных действий. Нотариат остаётся важным институтом по обеспечению прав и законных интересов граждан и юридических лиц. Цифровые технологии, включая электронную подпись, электронное управление и технологии искусственного интеллекта, способствуют повышению качества и доступности нотариальных услуг.

***Ключевые слова:*** нотариат, искусственный интеллект, цифровые технологии, электронная подпись, автоматизация документов, профилактика правонарушений, закон, нотариус, информационная трансформация

**Artificial intelligence in the field of notary publics**

**Abstract**
Relevance. The article deals with the application of artificial intelligence (AI) technologies in the notarial sphere and their impact on the efficiency of notarial services. Special attention is paid to the possibilities of artificial intelligence in automatic verification of documents, simplification of signing processes, personal identification and prevention of illegal actions. The notariat remains an important institution for ensuring the rights and legitimate interests of citizens and legal entities. Digital technologies, including e-signature, e-governance and artificial intelligence technologies, contribute to improving the quality and accessibility of notarial services.

***Keywords:*** notariat, artificial intelligence, digital technologies, electronic signature, automation of documents, prevention of offences, law, notary, information transformation

**Киришүү**

Актуалдуулугу. Азыркы учурда бизди курчап турган дүйнө глобалдык маалымат трансформациясында. Коомдун технологиялык өнүгүшү, жасалма интеллекттин түзүлүшү жана анын алгачкы колдонулушу адамзат үчүн, өзгөчө юридикалык чөйрө үчүн бир катар жаңы суроолорду жаратты. Нотариат институту, башка бардык юридикалык мааниге ээ болгон институттар сыяктуу эле, жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо функциясын аткарат. Ошол эле учурда, жаңы технологияларды колдонуу деңгээли боюнча иш-аракеттердин өнүктүрүү тармактарынын бири болуп саналат. Жаңы санарип ресурстарды өздөштүрүү менен нотариаттын коомчулугунун өкүлдөрүнүн ролу өзгөрүшү керек экендиги айкын болууда.

Кесиптик ишмердүүлүгүнө жаңы электрондук ресурстарды киргизүү жана санариптик чөйрө менен интеграциялануу нотариустардын жарандарга сапаттуу жана талапка ылайык кызмат көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17-мартындагы №91 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги болуп өзгөрүүсү натыйжалуу башкарууну уюштуруу, туруктуу технологиялык өзгөрүүлөрдү эске алуу менен санариптик трансформацияны андан ары өркүндөтүү максатында ишке ашырылды [1]. Андан тышкары, жасалма интеллект технологияларын киргизүү, санариптик мамлекеттик башкаруунун иштеп жаткан системасын трансформациялоо жана санариптик технологиялардын элдин жыргалчылыгы үчүн потенциалын максималдуу көтөрүү маселелери да эске алынды.

Электрондук башкаруу, электрондук кол тамганы пайдалануу, мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызматтар, идентификациялоо системалары, санариптик технологияларга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, архив иши жана киберкоопсуздук жаатындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу функцияларын да жүзөгө ашыруу талап кылынат. Акыркы жылдарда ар кандай тармактарда, анын ичинде медицинада, финансыда, өндүрүштө жана транспортто активдүү колдонулуп келе жаткан технологиялардын бири нотариат болуп саналат.

“Нотариат” термини латын тилиндеги “катчы” жана “жазуучу” деген сөздөрдөн келип чыккан. Юридикалык сөздүк нотариат түшүнүгүнүн “нотариалдык кеңселердин тутуму, бүтүмдөрдү күбөлөндүрүү, мурастык укуктарды каттоо жана аларды бузуу ыктымалдыгын алдын алуу” деген аныктамасын сунуштайт [2, 375-б].

Нотариат түшүнүгүн универсалдуу формада да түшүндүрсө болот: бул нотариалдык иш-аракеттин негизинде юридикалык мааниге ээ кызматтарды көрсөтүү менен байланышкан кесиптик иш. Нотариат коомдо маанилүү ролду ойнойт жана бир катар функцияларды аткарат:

1. Бүтүмдөрдү жана документтерди нотариалдык жактан күбөлөндүрүү;
2. Кол тамгаларды жана документтердин аныктыгын нотариалдык жактан тастыктоо;
3. Фактыларды жана окуяларды тастыктоо;
4. Нотариалдык актыларды сактоо жана берүү [3].

Нотариат жарандардын укуктук корголушунун кепилдигин камсыз кылуу, документтерге жана бүтүмдөргө ишенимди түзүү, укук бузуулардын жана чыр-чатактардын алдын алуу сыяктуу көптөгөн милдеттерди аткарат. Нотариат жарандардын жана

юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун маанилүү институттарынан бири катары санариптештирүү жана нотариалдык ишмердүүлүк, жеткиликтүүлүк чөйрөсүндө өнүгүүнү баштады [4, 259-б]. “Жасалма интеллект нотариат тармагында көптөгөн артыкчылыктарды алып келе алат. Алгач, жасалма интеллект нотариустун иш процессин кыйла ылдамдата алат. Машиналык окутуу алгоритмдеринин жана чоң маалыматтарды иштетүүнүн жардамы менен жасалма интеллект документтердин аныктыгын текшерүү, текстти таануу жана шаблонду толтуруу сыяктуу көптөгөн күнүмдүк операцияларды автоматташтырып, нотариалдык иштерди жогорулатуучу мааниге ээ болот”.

“Жасалма интеллект системалары белгиленген маалыматтарга негизделип, укуктук маанидеги документтерди автоматтык түрдө түзүүгө жана жарандарга нотариалдык аракеттер боюнча билдирүүлөрдү өз убагында жөнөтүүгө шарт түзөт. Мындай технологиялар нотариалдык иштерди автоматташтыруу менен убакытты үнөмдөп, адамдык фактордон келип чыккан катачылыктардын санын азайтууга мүмкүнчүлүк берет. Жасалма интеллекттин колдонулушу нотариустун ишинин тактыгын жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган. Статистикалык маалыматтарга ылайык, нотариалдык иш-аракеттерди санариптик форматта жүргүзүүгө болгон суроо-талап үзгүлтүксүз өсүүдө. Жарандар көп учурда документтерди санарипке өткөрүп, алардын юридикалык күчүн сактап, ошондой эле юридикалык жактарды электрондук түрдө каттоого активдүү пайдаланышууда. Санариптик форматта нотариалдык иш-аракеттерди жасоого болгон суроо-талап тажрыйбада үзгүлтүксүз жогорулап жаткандыгы белгиленет” [5, 305-б.].

Экинчиден, жасалма интеллектти колдонуу нотариустун ишинин тактыгын жана ишенимдүүлүгүн жогорулатат. Нотариалдык актылар юридикалык сабаттуулуктун жогорку деңгээлин талап кылат. Жасалма интеллект юридикалык маалыматты талдоого жана мыйзамдар боюнча кеңеш берүүгө жардам берет. Бул өзгөчө нотариустар татаал укуктук маселелер боюнча тез маалымат алууну талап кылган учурда пайдалуу болушу мүмкүн. Жасалма интеллект талаш-тартыштардын ыктымалдыгын азайтып, алдамчылыктан келип чыккан тобокелдиктерди минимизациялоого жардам берет.

Үчүнчүдөн, жасалма интеллектти колдонуу нотариалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн бир топ жакшыртат. Айрым аймактарда нотариустардын жетишсиздиги кезек күтүүгө жана керектүү документтерди алууда кечигүүгө алып келген учурлар көп кездешет. Жасалма интеллект нотариалдык иштин жүгүн бөлүштүрүүгө жана процессти оптималдаштырууга жардам берип, кардарлардын күтүү убактысын кыскартууга жана нотариат системасын жалпы натыйжалуулугун жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет. Нотариаттын ишинде санариптик технологияларды өнүктүрүүнүн маанилүү кадамы 2023-жылдын 9-мартында Кыргыз Республикасынын нотариат жөнүндө мыйзамынын кабыл алынышы болуп саналат.

Нотариат өкүлдөрү Кыргызстанда жана жакынкы чет өлкөлөрдө укуктук жана жарандык коомчулук арасында актуалдуу болгон санариптик кызматтарды активдүү өздөштүрүүдө. Маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу нотариаттын коом үчүн маанилүү болгон иш-аракеттерин санарип чөйрөгө өткөрүүгө жана электрондук форматтагы жаңы нотариаттык аракеттерди пайдаланууга шарт түзүп, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана деңгээлин жогорулатат. Ошону менен бирге, нотариалдык ишмердүүлүктүн негизги принциптеринин бири – документтердин юридикалык кепилдиктерин сактоо – толук камсыздалууда. Учурда бардык нотариаттык аракеттер

электрондук технологиялар аркылуу ишке ашырылууда. 2025-жылдын 2- апрелинен тартып Түштүк Кореяда, Жапонияда жана Бириккен Араб Эмираттарында жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары баланын чет өлкөгө чыгуусуна ишеним каттарды (макулдукту) аралыктан тариздей алышкан. Бул кадам Нотариаттын бирдиктүү маалыматтык системасын (“Электрондук нотариат” ИМ) өнүктүрүүнүн аркасында мүмкүн болду, анын алкагында “Жарандын жеке кабинети” кызматы ишке киргизилди. Эми нотариалдык кызматтарды электрондук санариптик кол тамга менен документтерге кол коюу аркылуу онлайн алууга болот. Буга чейин, 2024- жылдын 13-январында Кыргызстанда АКШда жүргөн жарандар үчүн биринчи аралыктан нотариалдык иш-аракет ийгиликтүү аткарылган.

Ушул жерден жасалма интеллект нотариустарга ишенимдүү жардамчы боло алабы деген суроо туулат.

Нотариус санариптик технологиялар жана жасалма интеллект колдонулган учурда жаралган ар кандай укуктук маселелерди чечүүгө жардам бере алат. Жасалма интеллектти көзөмөлсүз колдонуу жарандык коомдун өнүгүшүнө коркунуч жаратат деген пикирлер бир нече жолу айтылып келгендиктен, материалдык баалуулуктарды башкарууга байланыштуу жасалма интеллектти колдонуу боюнча нотариалдык кеңештердин багытын карап көрүүгө болот. Көптөгөн мамлекеттер мыйзам деңгээлинде жасалма интеллектти колдонуу чөйрөлөрүн чектөө жөнүндө ойлонуп жатышат. Кыймылсыз мүлккө, уставдык капиталдагы үлүштөргө жана башка материалдык баалуулуктарга байланыштуу укуктук мааниси бар чечимдерди кабыл алуу талап кылынган учурларда, жасалган аракеттердин укуктук натыйжалары тууралуу жогорку деңгээлде кеңеш бере алган көз карандысыз кеңешчи зарыл. Азыркы учурда мындай кеңешчи катары нотариус чыгат.

Жасалма интеллект өтө тез өнүгүп жаткандыктан, аны кыймылсыз мүлк, юридикалык жактар, мурастоо сыяктуу маанилүү тармактарда көзөмөлсүз колдонууга жол бербөө үчүн алдын ала чара көрүү зарыл. Баштапкы этапта мындай олуттуу маселелер боюнча жасалма интеллект тарабынан берилген кеңештер сөзсүз түрдө нотариустардын көзөмөлүндө болушу керектигин белгилеп коюу керек. Жасалма интеллект нотариалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жана жөнөкөйлүгүн камсыз кыла алат. Кардарлар үчүн, балким, мобилдик тиркемелер аркылуу нотариалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүнө көңүл буруу зарыл. Бул сөзсүз процесс. Бул нотариалдык кызматтарды алуу процессин жөнөкөйлөтүүгө жана аны кардарлар үчүн ыңгайлуу кылууга жардам берет.

Мобилдик тиркеме Нотариус белгилүү бир адамдын аракетин нотариалдык кеңселерде көрсөтө алат. Колдонуу мөөнөтүнүн аяктагандыгы жөнүндө эскертип туруу, мисалы, баланын кетишине макулдук, ишеним кат. Кардарлар көбүнчө кайсы нотариустун нотариалдык иш-аракетин жасаганын эстебегендиктен, мындай кызмат кардарларга жана нотариустарга документтерди издөөгө чоң жардам берет. Мобилдик колдонмо кардарлардын маалыматтарынын коопсуздугун жана купуялуулугун камсыз кылууга тийиш. Буга маалыматтарды шифрлөөнүн заманбап ыкмаларын колдонуу жана кызмат көрсөтүүнүн алдында кардардын инсандыгын текшерүү аркылуу жетишүүгө болот.

Бирок, бардык артыкчылыктарына карабастан, нотариат тармагында жасалма интеллектти колдонуу айрым суроолорду жана көйгөйлөрдү жаратат. Биринчиден, маалыматтардын коопсуздугу жана купуялуулугу боюнча кооптонуулар бар. Нотариустар жарандардын жеке жана купуя маалыматтары менен иштешкендиктен, жасалма интеллект бул маалыматтарды жогорку

деңгээлде коргоону камсыздашы керек.

Экинчиден, жасалма интеллекттин колдонулушу нотариустардын санынын кыскарышына алып келиши мүмкүн. Эгерде кайталанма жана жөнөкөй иштер автоматташтырылса, мындай кызматтарга болгон кадрдык муктаждык азаят. Бул өз кезегинде, нотариустардын арасындагы жумушсуздуктун өсүшү сыяктуу социалдык кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, жасалма интеллектти нотариат ишмердүүлүгүндө колдонуу бул тармакты оптималдаштыруу жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бирок, маалыматтардын коопсуздугу жана социалдык кесепеттер сыяктуу маселелерди эске алып, аларды өз убагында чечүү зарыл.

Жасалма интеллектти туура колдонуу жана ишке киргизүү нотариат системасын жеткиликтүү, так жана эффективдүү кылууга жардам берет.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформациялоону андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө 2025-жылдын 17-марты ПЖ № 91 https://cbd.minjust.gov.kg/230024153/edition/28965/kg.

2. Большой юридический словарь / под ред. А.Я. Сухарева, В.Д. Зорькина, В.Е. Крутского. – М.: ИНФРА-М, 1997. – 1235 с.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамы нотариат жөнүндө 9-март 2023-жыл

4. № 54. (*Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 11-июнундагы № 92, 2024- жылдын 26-июнундагы № 103 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).* https://cbd.minjust.gov.kg/112540/edition/11746/kg.
5. Федорнак, О.А. Развитие электронного нотариата в Российской Федерации / О.А. Федорнак // Молодой ученый. – 2020. – № 43 (333). – С. 258–260.
6. Корман, В.К. Информационные технологии в деятельности нотариата в Российской Федерации / В.К. Корман // Образование и наука в России и за рубежом. – 2018. – №